«Бекитемин»
И. Арабаев атындагы
КМУнун ректору
Абдраева А.Т.
_______________
«_20_» _06_ 2024-ж.

**Ишеналы Арабаев атындагы КМУга 2024-2025-окуу жылында келишимдик (акы төлөө) негизде 532000 – "Дене тарбия жана спорт" багыты боюнча тапшыруучу абитуриенттерди баалоо критерийлери жөнүндө**

**ЖОБО**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 7-февралынын 191/1 “Абитурениттерди окууга кабыл алууда жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары керек болбогон даярдоо багыттары менен адистиктери жөнүндөгү” буйругунун негизинде, “2024-2025-окуу жылында И.Арабаев атындагы КМУга кабыл алуунун эрежелерине”, “И.Арабаев атындагы КМУга 2024-2025-окуу жылында ЖРТнын жыйынтыгы боюнча абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жөнүндө жобого” ылайык, 2024-2025-окуу жылында И.Арабаев атындагы КМУнун 532000 – “Дене тарбия жана спорт” адистигине тапшырууда абитуриенттерден жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы талап кылынбайт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-июнундагы №355 “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартиби жөнүндө” токтомуна (8-глава, 100-пункт) ылайык, “Абитуриентке сынакка катышууга укук берген минималдуу босого балл ЖОЖ тарабынан алдын ала белгиленет жана билим деңгээлин аныктоодо эң жогорку баллдын 40%ынан кем болбошу керек”.

И. Арабаев атындагы КМУнун 1-курсуна тапшыруучу абитуриенттердин билим деңгээлин аныктоодо төмөнкү баалоо критерийлери кабыл алынган: 532000 – "Дене тарбия жана спорт" багыты боюнча тапшыруучу абитуриенттер төмөнкү кирүү сынактарын тапшырышат:

1. биринчи профилдик – сынак – ченем;
2. эки предмет боюнча тестирлөө (тарых жана кыргыз же орус тили).

Ченем "2", "3", "4", "5" упайлык система боюнча бааланат жана бул баалар 6га (алтыга) көбөйтүлөт. Бул учурда минималдуу өтүү упайы 18ге (он сегиз) барабар. Максималдуу балл 30 (отуз).

Мисалы:
2*6 =12 упай - канааттандырарлык эмес деп эсептелет.
3*6 = 18 упай – өттү деп эсептелет.
4*6 = 24 упай – өттү деп эсептелет.
5*6 = 30 упай – өттү деп эсептелет.

Калган эки предмет боюнча ар бир туура жооп 8 (сегиз) коэффициентине көбөйтүлөт. Ар бир предмет боюнча максималдуу балл 120. Минималдуу өтүү баллы – 56

Мисалы:
4*8 =32 упай - канааттандырарлык эмес деп эсептелет.
5*8 = 40 упай - канааттандырарлык эмес деп эсептелет.
6*8 = 48 упай - канааттандырарлык эмес деп эсептелет.
7*8=56 упай – өттү деп эсептелет жана башкалар (ар бир предмет үчүн).

Предметтердин бири боюнча минималдуу упай ала албаган абитуриентке конкурска катышууга жол берилбейт.

Мисалы, эгерде абитуриент предметтердин бири боюнча 6, ал эми калгандары боюнча 7 жана андан ашык туура жооп алса, анда Жобого ылайык бул абитуриент тестирлөөдөн өтпөйт.

Кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы үч предметтин жол берилген баллынын жалпы суммасын эске алат.

**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**кабыл алуу комиссиясынын**
**жооптуу катчысы** **Ачекеев К.С.**